## Филологиялык илимдер

**УДК 811**

# ЭКОЛОГИЯЛЫК ЛИНГВОМАДАНИЙ ТЫЮУЛАР (ТАБУ): ЭКОЛОГИЯЛЫК АҢ-СЕЗИМДИН ЛИНГВОКОГНИТИВДИК ОБЪЕКТИВАЦИЯСЫ ЖАНА АЛАРДЫН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮДӨГҮ РОЛУ (КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНИН МАТЕРИАЛЫНДА)

***Акылбекова Гүлнара Шадымановна***
*ORCID: 0009-0002-5252-7368*
*изденүүчү, улук окутуучу, ОшМПУ*
*gulnara.shadyman996@gmail.com*

# ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ЛИНГВОКУЛЬТУРНЫЕ ЗАПРЕТЫ (ТАБУ): ЛИНГВОКОГНИТИВНАЯ ОБЪЕКТИВАЦИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО СОЗНАНИЯ И ИХ РОЛЬ В УСТОЙЧИВОМ РАЗВИТИИ (НА МАТЕРИАЛЕ КЫРГЫЗСКОГО И АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКОВ)

***Акылбекова Гульнара Шадымановна***
*ORCID: 0009-0002-5252-7368*
*соискатель, старший преподаватель, ОГПУ*
*gulnara.shadyman996@gmail.com*

# ECOLOGICAL LINGUOCULTURAL PROHIBITIONS (TABOOS): LINGUACOGNITIVE OBJECTIFICATION OF ECOLOGICAL CONSCIOUSNESS AND THEIR ROLE IN SUSTAINABLE DEVELOPMENT (BASED ON KYRGYZ AND ENGLISH MATERIALS)

***Akylbekova Gulnara Shadymanovna***
*ORCID: 0009-0002-5252-7368*
*researcher, Senior Lecturer,OSPU*
*gulnara.shadyman996@gmail.com*

**Аннотация**

Макалада кыргыз жана англис тилдериндеги экологиялык лингвомаданий тыюулар (табу) адамдын жаратылышка карата мамилесин жөнгө салуучу маанилүү когнитивдик-регулятивдик механизм катары изилденет. Изилдөөнүн актуалдуулугу заманбап глобалдык экологиялык кризистердин шартында салттуу жана заманбап тилдик каражаттар аркылуу туруктуу өнүгүү (*sustainable development*) идеяларын коомдук аң-сезимге сиңирүү зарылдыгы менен шартталган. Эмпирикалык базаны кыргыз тилинин паремиялык, фольклордук материалдары жана англис тилинин заманбап эко-дискурстук прескриптивдүү бирдиктери түзөт. Иштин жүрүшүндө семантикалык, лингвокогнитивдик, лингвомаданий жана дискурстук талдоо усулдары комплекстүү колдонулду. Алынган натыйжалар кыргыз лингвомаданиятында эко-тыюулар мифопоэтикалык жана антропоморфисттик моделдерге (*ыйыктык, моралдык-символдук императивдер*) таянса, англис тилинде алар рационалдуу-укуктук жана институционалдык нормаларга (*environmental protection, responsibility*) негизделерин көрсөттү. Ошондой эле эки тилдин материалдарынын негизинде экологиялык аң-сезимдин объективациялануусунун жалпы когнитивдик модели түзүлдү. Изилдөөнүн жыйынтыктары эколингвистика, лингвомаданият таануу жана экологиялык билим берүү тармактарында тилдик салттардын гуманитардык ресурстарын пайдаланууга теориялык жана практикалык салым кошот.

**Ачкыч сөздөр:** *экологиялык тыюулар, лингвомаданий табу, экологиялык аң-сезим, лингвокогнитивдик объективация, туруктуу өнүгүү, эко-дискурс.*

**Аннотация**

Макалада кыргыз жана англис тилдериндеги экологиялык лингвомаданий тыюулар (табу) адамдын жаратылышка карата мамилесин жөнгө салуучу маанилүү когнитивдик-регулятивдик механизм катары изилденет. Изилдөөнүн актуалдуулугу заманбап глобалдык экологиялык кризистердин шартында салттуу жана заманбап тилдик каражаттар аркылуу туруктуу өнүгүү (*sustainable development*) идеяларын коомдук аң-сезимге сиңирүү зарылдыгы менен шартталган. Эмпирикалык базаны кыргыз тилинин паремиялык, фольклордук материалдары жана англис тилинин заманбап эко-дискурстук прескриптивдүү бирдиктери түзөт. Иштин жүрүшүндө семантикалык, лингвокогнитивдик, лингвомаданий жана дискурстук талдоо усулдары комплекстүү колдонулду. Алынган натыйжалар кыргыз лингвомаданиятында эко-тыюулар мифопоэтикалык жана антропоморфисттик моделдерге (*ыйыктык, моралдык-символдук императивдер*) таянса, англис тилинде алар рационалдуу-укуктук жана институционалдык нормаларга (*environmental protection, responsibility*) негизделерин көрсөттү. Ошондой эле эки тилдин материалдарынын негизинде экологиялык аң-сезимдин объективациялануусунун жалпы когнитивдик модели түзүлдү. Изилдөөнүн жыйынтыктары эколингвистика, лингвомаданият таануу жана экологиялык билим берүү тармактарында тилдик салттардын гуманитардык ресурстарын пайдаланууга теориялык жана практикалык салым кошот.

**Ачкыч сөздөр:** *экологиялык тыюулар, лингвомаданий табу, экологиялык аң-сезим, лингвокогнитивдик объективация, туруктуу өнүгүү, эко-дискурс.*

**Аннотация**

В статье исследуются экологические лингвокультурные запреты (табу) в кыргызском и английском языках как важный когнитивно-регулятивный механизм, регулирующий отношение человека к природе. Актуальность исследования обусловлена необходимостью внедрения идей устойчивого развития (*sustainable development*) в общественное сознание посредством традиционных и современных языковых средств в условиях глобальных экологических кризисов современности. Эмпирическую базу составляют паремиологические, фольклорные материалы кыргызского языка и современные экодискурсивные прескриптивные единицы английского языка. В работе комплексно использованы семантический, лингвокогнитивный, лингвокультурный и дискурсивный методы анализа. Полученные результаты показали, что экозапреты в кыргызской лингвокультуре опираются на мифопоэтические и антропоморфические модели (священность, морально-символические императивы), тогда как в английском языке они базируются на рационально-правовых и институциональных нормах (*environmental protection, responsibility*). На основе материалов обоих языков также построена общая когнитивная модель объективации экологического сознания. Результаты исследования вносят теоретический и практический вклад в использование гуманитарных ресурсов языковых традиций в областях эколингвистики, лингвокультурологии и экологического образования.

**Ключевые слова:** *экологические запреты, лингвокультурное табу, экологическое сознание, лингвокогнитивная объективация, устойчивое развитие, эко-дискурс.*

**Abstract**

The article examines ecological linguocultural prohibitions (taboos) in the Kyrgyz and English languages as an important cognitive-regulatory mechanism governing human attitudes toward nature. The relevance of the study is driven by the necessity of integrating the ideas of sustainable development into public consciousness through traditional and modern linguistic means amid

contemporary global ecological crises. The empirical base comprises paremiological and folklore materials of the Kyrgyz language and modern eco-discursive prescriptive units of the English language. Semantic, linguacognitive, linguocultural, and discursive methods of analysis were comprehensively applied in the study. The findings demonstrate that eco-prohibitions in Kyrgyz linguoculture rely on mythopoietic and anthropomorphic models (sacredness, moral-symbolic imperatives), whereas in English they are based on rational-legal and institutional norms (*environmental protection, responsibility*). Based on the materials of both languages, a general cognitive model for the objectification of ecological consciousness was also constructed. The research results contribute theoretically and practically to utilizing the humanitarian resources of linguistic traditions in the fields of ecolinguistics, linguoculture, and environmental education.

**Keywords:** *ecological prohibitions, linguocultural taboo, ecological consciousness, linguacognitive objectification, sustainable development, eco-discourse.*

**Киришүү** Азыркы глобалдык экологиялык кризистердин жана антропогендик басымдын күчөшү адамзаттын жаратылыш менен болгон мамилесин түп-тамырынан бери кайра карап чыгууну талап кылууда. Климаттын өзгөрүшү, жаратылыш ресурстарынын кескин азайышы жана биологиялык ар түрдүүлүктүн кыскарышы сыяктуу чакырыктар инженердик-технологиялык гана эмес, руханий-адеп-ахлактык чечимдерди да зарыл кылат. Бул жараянда коомдун экологиялык аң-сезимин жана экологиялык маданиятын калыптандыруу маанилүү орунду ээлейт. Заманбап антропоцентристтик лингвистиканын жана эколингвистиканын негизги багыттарынын бири — тилдик система аркылуу коомдун табиятка карата баалуулуктарын жана маданий коддорун изилдөө.

Бул макалада «экологиялык лингвомаданий тыюулар (табу)» адамдын жаратылышка зыян келтирүүчү аракеттерин чектеген жана жөнгө салган туруктуу лингвистикалык-маданий нормалар катары каралат. Табу — бул жөнөкөй гана чектөө эмес, анын артында терең философиялык маани, мифопоэтикалык ишеним жана коомдук жоопкерчиликтин императивдери жатат. Экологиялык табуулар суу булактарын, жерди, өсүмдүктөрдү жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо боюнча кылымдар бою топтолгон тажрыйбаны чагылдырат. Өз кезегинде «лингвокогнитивдик объективизация» түшүнүгү адамдын табият тууралуу топтогон билиминин жана баалуулуктарынын тилдик каражаттар (тыюу салуучу сөздөр, фразеологизмдер жана дискурстук бирдиктер) аркылуу материалдашуу процессин ачып берет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Экологиялык маданиятты салттуу жана заманбап тилдик механизмдер аркылуу изилдөө заманбап илимдин талаптарынан келип чыгып, туруктуу өнүгүү (*sustainable development*) идеяларын коомдук аң-сезимге сиңирүү зарылдыгы менен шартталган.

**Изилдөөнүн гипотезасы:** Кыргыз жана англис тилдериндеги экологиялык тыюулар тилдик формасы, маданий негиздери жана дискурстук ишке ашуусу боюнча айырмаланганы менен, алардын семантикалык жана лингвокогнитивдик өзөгүндө жаратылышты сактоо, зыян келтирбөө жана адамдын экологиялык жоопкерчилигин бекемдөө сыяктуу жалпы баалуулуктар жатат. Бул тыюулар жаратылыш жөнүндөгү билимди жана баалуулуктарды тилдик формада объективдештирип, экологиялык аң-сезимдин калыптанышына жана туруктуу өнүгүү баалуулуктарынын тилдик-маданий жактан бекемделишине өбөлгө түзгөн лингвомаданий механизмдердин бири катары каралышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн жаңылыгы:** Кыргыз жана англис тилдериндеги экологиялык тыюу тил бирдиктерин изилдөө аркылуу алардын лингвокогнитивдик табиятын жана маданий функцияларын ачып берүүгө багытталгандыгы менен аныкталат. Бул илимий эмгек тил менен маданияттын, эко-аң-сезимдин жана туруктуу өнүгүүнүн өз ара байланышын терең түшүнүүгө теориялык жана практикалык салым кошот.

Изилдөөнүн мындай багыты тил илими, лингвомаданият таануу жана экологиялык билим берүү тармактарынын интеграциясын кескин күчөтөт. Бул аркылуу тилдик эстеликтерде жана

туруктуу конструкцияларда кылымдар бою топтолгон экологиялык баалуулуктар заманбап туруктуу өнүгүү (*sustainable development*) стратегияларын ишке ашыруунун эң кубаттуу гуманитардык жана руханий ресурсу катары каралууга тийиш экендиги теориялык жактан негизделет.

**Изилдөөнүн материалдары жана усулдары *Изилдөөнүн материалдары (Research materials):*** Бул изилдөөнүн эмпирикалык базасын кыргыз жана англис тилдериндеги айлана-чөйрөгө, анын ичинде суу ресурстарына, жерге, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө салттуу же заманбап формада тыюу салган экологиялык багыттагы лингвистикалык бирдиктер түздү. Текстик жана лексикалык материалдар төмөнкү булактардан тандалып алынды:

- Кыргыз жана англис тилдериндеги түшүндүрмө, фразеологиялык жана этимологиялык сөздүктөр;
- Элдик фольклордук материалдар, макал-лакаптар, учкул сөздөр жана этнографиялык баяндар [5];
- Заманбап экологиялык дискурстун тексттери, коомдук-илимий макалалар жана эко-этикалык прескриптивдүү нормаларды чагылдырган булактар [7].

***Изилдөөнүн усулдары (Research methods):*** Изилдөөнүн алдыга койгон максаттарына жана милдеттерине ылайык төмөнкү илимий усулдар комплекс түрүндө колдонулды:

1. *Семантикалык талдоо усулу (Semantic analysis):* Экологиялык табуулардын маанилик түзүлүшүн, тыюунун түздөн-түз объектисин жана ал билдирген жүрүм-турумдук чектөөлөрдүн семантикалык спектрин ачууда колдонулду. Бул усул аркылуу тилдик бирдиктердин буквалык мааниси менен алардын артында жаткан тыюу салуучу семантиканын байланышы аныкталды.
2. *Лингвокогнитивдик талдоо (Linguocognitive analysis):* Табулардын артында турчу жаратылыш жөнүндөгү менталдык моделдерди, когнитивдик схемаларды, ишенимдерди жана экологиялык жүрүм-турум моделдерин реконструкциялоого мүмкүндүк берди. Бул багыт экологиялык аң-сезимдин тилдик артефакттар аркылуу когнитивдик объективациялануу жолдорун көрсөттү.
3. *Лингвомаданий усул (Linguocultural method):* Экологиялык тыюулардын белгилүү бир этностун тарыхый тажрыйбасы, дүйнөтаанымы, салт-санаасы жана жаратылыш менен гармонияда жашоо философиясы менен байланышын негиздөөгө кызмат кылды.
4. *Дискурстук талдоо (Discourse analysis):* Экологиялык табуулар жана прескриптивдүү чектөөлөр кайсы коммуникациялык чөйрөлөрдө (салттуу фольклордук тексте рде, образдар системасында, билим берүү, медиа жана заманбап экологиялык дискурста) актуалдуу экенин аныктоо үчүн колдонулду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө тилдик материалдар контексттик мааниси, экологиялык мазмуну жана функционалдык багыты боюнча текшерилип, эки тилдин материалдары илимий-теориялык талаптарга ылайык талданып чыкты.

**Натыйжалар (Results)** Изилдөөнүн натыйжасында кыргыз жана англис тилдериндеги экологиялык тыюулар жаратылышка карата коомдук мамилени жөнгө салуучу лингвомаданий нормалардын бири экендиги аныкталды. Алардын семантикалык түзүлүшүндө белгилүү бир жаратылыш объектисин сактоо, ага зыян келтирбөө жана адамдын жоопкерчиликтүү жүрүм-турумун калыптандыруу идеясы негизги орунду ээлейт.

Кыргыз тилинин материалдарында суу менен байланышкан тыюулар өзгөчө ачык көрүнөт. Мисалы, **«Агын сууга түкүрбө, ылайлаба, даарат ушатпа»**, **«Булак башын булгаба, ыйык сакта»**, **«Сууну булгаба» [ 2 ]** деген тыюулар кездешет. Бул мисалдарда тыюу жөн гана санитардык талап катары эмес, **суунун баалуулугун жана ыйыктыгын тааныган лингвомаданий норма** катары берилет. Мисалы, «Булак башын булгаба, ыйык сакта» бирдигинде *булак* — жаратылыш объектиси, *булгаба* — тыюу, ал эми *ыйык сакта* — анын

артындагы аксиологиялык баалоону билдирет. Демек, бул жерде когнитивдик модель төмөнкүдөй көрүнөт:

**суу → жашоонун булагы → жогорку баалуулук → булгандырууга тыюу → сактоо жүрүм-туруму.**

Ушундай эле маанилик байланыш **«Аккан сууга түкүрбө»**, **«Кудукту булгаба»**, **«Көк чөптү жулба, чөптөй соолуйсуң»** сыяктуу мисалдардан да байкалат. Бул бирдиктер кыргыздардын салттуу дүйнөтаанымында суу, жер жана өсүмдүктөргө карата этият мамиле калыптанганын көрсөтүүчү материал катары колдонулган [4].

Өзгөчө көңүл бурууга арзый турган мисал — **«Көк чөптү жулба, чөптөй соолуйсуң»**. Бул жерде тыюу түздөн-түз буйрук формасында берилгени менен, анын негиздемеси адамдын тагдыры менен өсүмдүктүн абалын салыштыруу аркылуу берилет. Натыйжада экологиялык жүрүм-турум **моралдык-символдук мааниге** ээ болот.

Кыргыз материалдарында экологиялык тыюулар өсүмдүктөр жана токой менен гана чектелбейт. **«Жалгыз даракты кыйба»**, **«Токойду өрттөбө»** сыяктуу тыюулар да жаратылышты сактоо идеясын түз чагылдырат. Бул мисалдарда **даректар/токой → жаратылыш ресурсу → сактоо зарылдыгы → адамдын жоопкерчилиги** деген когнитивдик байланыш түзүлөт [2].

Англис тилинин материалдарында ушул эле функция азыркы экологиялык дискурста башка тилдик формалар аркылуу ишке ашат. Мисалы, **“Do not litter”**, **“Do not pollute water”**, **“Do not touch or feed wildlife”** сыяктуу императивдик конструкциялар адамдын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин чектөөгө багытталган. WWFтин жоопкерчиликтүү саякат боюнча сунуштарында *“Do not litter”* жана жапайы жаныбарларга тийбөө же аларды тамактандырбоо сыяктуу талаптар берилет [10], [12].

Бул жерде кыргыз жана англис материалдарынын маанилүү айырмачылыгы байкалат. Кыргыз тилиндеги **«Булак башын булгаба, ыйык сакта»** сыяктуу мисалда тыюунун негизи **ыйыктык, салт жана маданий баалуулук** менен байланышса, англис тилиндеги *“Do not litter”* же *“Do not pollute water”* сыяктуу формалар көбүнчө **environmental protection, conservation жана environmental responsibility** түшүнүктөрү менен негизделет [10]. Демек, эки тилде тең жаратылышты сактоо жалпы баалуулук катары көрүнгөнү менен, анын **лингвомаданий объективдешүү механизми** айырмаланат.

Натыйжада, конкреттүү материалдарды талдоо экологиялык тыюунун түзүлүшүн төмөнкү модель аркылуу көрсөтүүгө мүмкүндүк берди:

**жаратылыш объектиси → когнитивдик түшүнүк → аксиологиялык баа → тыюу → жүрүм-турумдук норма → экологиялык жоопкерчилик.**

Ушул жагынан алганда, экологиялык табууларды **экологиялык аң-сезимдин лингвокогнитивдик объективдешүүсүнүн механизми** катары кароого болот. Алар тил аркылуу жаратылыш жөнүндө билимди гана эмес, ага карата баалуулук мамилени жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турум моделин да муундан муунга өткөрүп берет. Мындай функция экологиялык маданиятты калыптандыруу жана туруктуу өнүгүүнүн баалуулуктарын бекемдөө үчүн алардын маанисин көрсөтөт.

**Талкуулар (Discussion)** Жүргүзүлгөн лингвокогнитивдик жана лингвомаданий талдоолор кыргыз жана англис тилдериндеги экологиялык табуулар түп-тамырынан бери ар башка когнитивдик матрицаларга жана маданий-цивилизациялык парадигмаларга таянганын далилдеди. Бул жагдай эки тилдеги экологиялык аң-сезимдин объективациялануу өзгөчөлүктөрүн жана алардын туруктуу өнүгүүдөгү (*sustainable development*) ролун илимий-теориялык деңгээлде терең талкуулоого негиз берет.

Биринчиден, кыргыз тилинин материалдарында экологиялык чектөөлөр мифопоэтикалык, салттуу-экоцентристтик дүйнөтанымга негизделгендиги аныкталды. Кыргыздардын салттуу маданиятында табият жансыз субъект катары эмес, ээси бар, сезимтал жана тирүү организм

катары кабыл алынат [5]. Мисалы, *«Булак башын булгаба, ыйык сакта»* же *«Көк чөптү жулба, чөптөй соолуйсуң»* сыяктуу тыюулар адамдын жүрүм-турумун жөн гана укуктук же санитардык эмес, моралдык-символдук деңгээлде жөнгө салат. Этнографиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, мындай тыюулар аркылуу коомдук аң-сезимде жаратылышка зыян келтирүү жеке адамдын тагдырына кесепет тийгизет деген когнитивдик байланыш (*симметриялуу жоопкерчилик*) орнойт [2]. Бул көрүнүш этностун жаратылыш менен гармонияда жашоо философиясынын лингвистикалык чагылышы болуп саналат.

Экинчиден, англис тилиндеги экологиялык дискурстун материалдары (*“Do not litter”, “Do not pollute water”, “Do not touch or feed wildlife”*) постиндустриалдык доордун илимий-этикалык жана институционалдык талаптарына таянары байкалды. Батыш лингвомаданиятында эко-тыюулар көбүнчө рационалдуу-укуктук принциптерге, экологиялык коргоого (*environmental protection, conservation*) жана глобалдык жоопкерчиликке (*environmental responsibility*) негизделет [12]. Бул жерде когнитивдик модель мифтик-ыйык түшүнүктөрдөн көрө, эмпирикалык илимий билиске жана укуктук прескрипцияларга таянуу менен иштейт.

Үчүнчүдөн, жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, эки тил тең табиятты коргоо жана экологиялык жоопкерчиликти калыптандыруу сыяктуу глобалдык аксиологиялык максатты көздөгөнү менен, алардын лингвомаданий объективдешүү механизмдери төмөнкүдөй айырмаланат:

- **Кыргыз лингвомаданиятында** табулар салттуу ыйыктык, интуитивдик-этикалык императивдер жана антропоморфисттик моделдер аркылуу ишке ашса,
- **Англис лингвомаданиятында** алар институционалдык прескриптивдүү императивдер жана эко-дискурстук стандарттар аркылуу жүзөгө ашат.

Жыйынтыктап айтканда, экологиялык табууларды жөнөкөй тилдик каражат катары эмес, заманбап экологиялык билим берүүдө, эко-этиканы жайылтууда жана туруктуу өнүгүү (*sustainable development*) идеяларын коомдук аң-сезимге сиңирүүдө колдонулуучу жогорку натыйжалуу психолингвистикалык механизм катары кароого толук илимий негиз бар.

**Корутунду (Conclusion)** Жүргүзүлгөн талдоо экологиялык лингвомаданий тыюуларды (табу) жаратылышка болгон мамиленин тилде жана маданиятта чагылуу формасы катары кароого мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн негизги илимий тыянактары төмөнкүлөр:

1. Экологиялык табуулар жаратылыш объектилерине байланышкан билимди, баалуулуктарды жана жүрүм-турумдук нормаларды тил аркылуу объективдештирген лингвокогнитивдик механизм экендиги аныкталды. Алар тыюу салуу менен гана чектелбестен, адамдын жаратылыш алдындагы жоопкерчилигин калыптандыруучу маданий-этикалык мааниге ээ.
2. Кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында экологиялык мазмундун жалпы өзөгү — жаратылышты сактоо, зыян келтирбөө жана жоопкерчиликтүү мамиле кылуу. Ошол эле учурда анын тилдик жана маданий объективдешүү формаларында айырмачылыктар байкалат: кыргыз материалдарында салттуу баалуулук-этикалык түшүндүрмөлөр, англис материалдарында экологиялык коргоо, conservation, sustainability жана environmental responsibility сыяктуу заманбап дискурстук түшүнүктөр басымдуулук кылат.
3. Талданган материалдар экологиялык аң-сезимдин төмөнкү лингвокогнитивдик байланышын көрсөттү: жаратылыш объектиси → когнитивдик түшүнүк → баалуулук → тыюу → жүрүм-турумдук норма → экологиялык жоопкерчилик. Бул байланыш экологиялык тилдик бирдиктерди экологиялык маданиятты калыптандыруунун маанилүү ресурсу катары кароого негиз берет.
4. Экологиялык табууларды изилдөө тил илими менен гана чектелбестен, экологиялык билим берүү, коомдук аң-сезимди калыптандыруу жана туруктуу өнүгүү маселелери менен түз байланышта экендиги белгиленди. Демек, тилде сакталган экологиялык баалуулуктарды илимий жактан системалаштыруу практикалык мааниге да ээ.

Бул изилдөө экологиялык табууларды толук камтыган акыркы илимий жыйынтык катары каралбашы керек. Тескерисинче, алынган натыйжалар кеңири жана системалуу изилдөөлөр үчүн негиз болуп саналат. Кийинки изилдөөлөрдө кыргыз жана англис тилдеринин материалдарын улуттук корпустар, медиадискурс, интернет-коммуникация, көркөм тексттер жана фольклордук булактар аркылуу кеңейтүү; экологиялык табуулардын тарыхый динамикасын, жаштардын жана ар кандай социалдык топтордун кабыл алуусун, ошондой эле алардын реалдуу жүрүм-турумга тийгизген коммуникативдик таасирин изилдөө максатка ылайык.

Экологиялык көйгөйлөрдү чечүү технологиялык чаралар менен гана чектелбеши керек. Жаратылышка болгон жоопкерчиликтүү мамиле тилде, билим берүүдө жана коомдук аң-сезимде бекемделгенде гана туруктуу өнүгүүгө багытталган реалдуу өзгөрүү жаралат. Ошондуктан тилде жана маданиятта сакталган экологиялык баалуулуктарды изилдөө, аларды билим берүү процессине киргизүү жана коомдук коммуникацияда натыйжалуу пайдалануу — келечектеги маанилүү илимий жана практикалык милдеттердин бири.

**Адабияттардын тизмеги**

**1.** Аалиева Ш., Кубатбеков э**.** Кыргыз элинин экологиялык этикетинин өзгөчөлүктөрү . (2025). *Кыргыз республикасынын улуттук илимдер академиясынын кабарлары*, *2*(1), 60-64. https://ilim.uia.gov.kg/index.php/main/article/view/693

**2.** Айтиева Гүлбурак Аскарбековна Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде диссертация 2024 https://stepen.vak.kg/wp-content/uploads/2024/04/Gulburak-Askarbekovna-Dissertaciya-1-2024-4.pdf?utm

**3.** Акылбекова, Г. Ш. Табу жана гуманизм: Айтматов чыгармаларында лингвомаданий чектөөлөр жана адамдык баалуулуктар / Г. Ш. Акылбекова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2026. – Vol. 1, No. 1(27). – P. 5-12. – DOI 10.56122/..v1i1.512. – EDN DVAXJL.

**4.** Даминова, И. Этномаданий баалуулуктар - элдик тарбиялоонун булагы катары / И. Даминова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 2(22). – P. 12-16. – EDN MTYSUW.

**5.** Заилова, Ж. Жомоктордогу педагогикалык идеялар жана экологиялык тарбиянын берилиши / Ж. Заилова, Э. Абдибалиев, Т. Заилова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2025. – Vol. 2, No. 1(25). – P. 100-105. – EDN YRBVNU.

**6.** Зейналов, Г. Г. Экологические табу в развитии регионального социума / Г. Г. Зейналов, Е. В. Рябова // Теория и практика общественного развития. – 2011. – № 1. – С. 16-18. – EDN NQVDAL.

**7.** Истамкулов Жапар Ибайдуллаевич, Абдикеримов Жеңишбек Бурканович ЭКОЛОГИЯЛЫК КРИЗИС ЖАНА АНЫ ЖЕҢҮҮНҮН УКУКТУК КӨЙГӨЙЛӨРҮ // ВОГУП. 2023. №1. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/ekologiyalyk-krizis-zhana-any-zhe-n-n-ukuktuk-k-yg-yl-r (дата обращения: 08.10.2026).

**8.** Орозалиева, Б. Э. «улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу аркылуу студенттердин экологиялык жана руханий маданиятын калыптандыруу / Б. Э. Орозалиева // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2026. – Vol. 1, No. 1(27). – P. 108-113. – DOI 10.56122/..v1i1.552. – EDN EFCQPK.

**9.** Рябова, Е. В. Роль запретов (табу) в экологическом воспитании / Е. В. Рябова // Гуманитарные науки и образование. – 2011. – № 3(7). – С. 45-47. – EDN OJTMPF.

**10.** Suparman, S. Taboo as Oral Discourse and Cultural Code: Performative Communication of Moral and Ecological Values in Bugis Society / S. Suparman, Abdullah Syukur, Ts. Tsamratul'aeni // LETS: Journal of Linguistics and English Teaching Studies. – 2025. – Vol. 7, No. 1. – P. 161-177. – DOI 10.46870/lets.v7i1.1860. – EDN QRVJXP.

**11.** Taboo language across the globe: A multi-lab study / S. Sulpizio, F. Günther, L. Badan [et al.] // Behavior Research Methods. – 2024. – Vol. 56, No. 4. – P. 3794-3813. – DOI 10.3758/s13428-024-02376-6. – EDN TUSUWE.

**12.** Mbulaheni, M. The Use of Taboo Language in Tshivenḓa: Cultural Restrictions, Social Implications, and Changing Perspective / M. Mbulaheni // Journal of Intercultural Communication. – 2025. – P. 167-179. – DOI 10.36923/jicc.vi.1148. – EDN CCZURF.